**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН**
**АНЫКТАМАСЫ**

Жамбылбек Камчиевдин өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан
баш тартуу жөнүндө

2022-жылдын 3- октябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: М.Р.Бобукеева, Л.П.Жумабаев, Ж.А.Шаршеналиев сот отурумунун катчысы К.А. Аблакимовдун катышуусунда Жамбылбек Камчиевдин өтүнүчүн карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна 2022-жылдын 14-сентябрында Жамбылбек Камчиевдин «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 60-1-беренесин 3-бөлүгүн, 61-беренесинин 2-бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 37-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Арызданууучу белгилегендей, бир мандаттуу округдардын талапкерлери 100 000 сом күрөө катары Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына төлөм салышат.

Кайрылуу субъектисинин пикири боюнча партиялык тизме менен өткөн талапкерлер 1 миллион сомду 54 талапкер төлөйт. Жалпы талапкерлердин санына бөлгөндөн кийин, ар бир талапкерден 18 500 сом гана төлөнүү керек. Бул өз учурунда теңсиздикке, бирдей шарттын болбогондугуна, кош стандарттуулукка, адилетсиздикти жаратууга мүмкүнчүлүк берет.

Арызданууучу өз жүйөлөрүнө негиз катары «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 60-1-беренесин 3-бөлүгүн, 61–беренесинин 2-бөлүгүнүн ченемдик жоболорун келтирген.

Жогоруда баяндалган жүйөлөрдүн негизинде, арызданууучу, талашылып жаткан ченемдик жоболорду конституциялуу эмес деп таанууну сурануууда.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья М.Р. Бобукееванын маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

Конституциялык контролдун укуктук маңызы болуп, конституциялык принциптерге жана орнотмолорго каршы коомдук мамилелерди укуктук жөнгө салууну тастыктаган укуктук мүнөздөгү ынандыруучу жүйөлөрдүн болуусунда ченемдик укуктук актылардын же алардын бөлүктөрүнүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын талаптарына ылайык келүүсүн текшерүү болуп саналат.

Ушуга байланыштуу «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамда Конституциялык сотко болгон кайрылууну тариздөөгө жана арызданууучу койгон маселе боюнча анын көз карашын негиздөөгө болгон бир катар талаптар караштырылган (19, 26, 27 жана 30-беренелер).

Ал эми арызданууучунун кайрылуусунда жогоруда аталган конституциялык Мыйзамдын 27-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык конституциялуулугу текшерилүүгө тийиш болгон ченемдик укуктук актыга кол койгон же аны чыгарган мамлекеттик органдын, кызмат адамынын аты, дареги, Конституциянын жана аталган конституциялык Мыйзамдын Конституциялык сотко кайрылуу укугун берген ченемдери, талаш туудурган

ченемдик актынын номери, кабыл алынган датасы, жарыяланган булактар жана башка реквизиттери, аталган конституциялык Мыйзамда көрсөтүлгөн, кайрылууну кароого болгон конкреттүү негиздер көрсөтүлгөн эмес.

Мындан тышкары, кайрылууда көрсөтүлүүгө тийиш болгон маанилүү талаптардын бири болуп эсептелген арызлануучунун маселе боюнча көз карашы жана Конституциянын тиешелүү ченемдерине шилтеме келтирүү менен укуктук негиздемеси да көрсөтүлгөн эмес.

Арыздануучунун жүйөлөрү фактологиялык эмес, укуктук мүнөздө болуп, талашылып жаткан укуктук ченемдин жөнгө салуу предмети менен конституциялык орнотмонун ортосунда үзгүлтүксүз тутумдук укуктук байланышты, ошондой эле талаш туудурган ченемдин жөнгө салуучулук таасиринин конституциялуулугунда ачык жана талашсыз күмөн бар экендигин далилдеп туруш керек.

Кайрылуу субъектиси талашып жаткан ченемдер бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү тартибин жана Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоо тартибин аныктайт, тагыраак айтканда өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде бир мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкер Борбордук шайлоо комиссиясына атайын эсебине эсептик көрсөткүчтүн миң эселенген өлчөмүндөгү шайлоо күрөөсүн, ал эми бирдиктүү шайлоо округу боюнча талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар өзүнүн шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен Борбордук шайлоо комиссиясынын эсебине эсептик көрсөткүчтүн он миң эселенген өлчөмүндөгү шайлоо күрөөсүн төгөөрү белгиленген.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесине ылайык Жогорку Кеңештин депутатынын кызмат оруну Кыргыз Республикасынын мыйзам чыгаруу бийлигинин жогорку саясий мамлекеттик кызмат оруну болуп саналат.

«Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамдын 1 – беренесинин 1, 2 – бөлүктөрүнүн жоболоруна ылайык көрсөтүлгөн Мыйзам мамлекеттик жарандык кызматка жана муниципалдык кызматка кирүүнүн; бош кызмат ордуна дайындоонун; ротациялоонун; кызматтык иликтөө жүргүзүүнүн; мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат менен байланышкан чектөөлөрдүн тартибин; кызматчылардын укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчиликтерин; социалдык коргоонун кепилдиктерин; кызматты токтотуунун тартибин аныктайт. Ошону менен аталган Мыйзамдын колдонулушу мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын административдик кызмат орундарын ээлеген кызматчыларга жайылтылат.

Ал эми Конституциянын 37-беренесинин 3-бөлүгүндө көрсөтүлгөн ченемдер мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматка бирдей жеткиликтүүлүк принцибин белгилеп, саясий мамлекеттик кызматка карата жайылтылбайт.

Мындан тышкары, судьялар коллегиясы, жогоруда аталган конституциялык ченемдер өз мазмуну боюнча жарандардын мамлекеттик жарандык кызматты эч кандай басмырлоосуз ээлөөгө укугун билдирерин, бирок бул менен бирге, жарандар мындай кызматты талап кылууга укуктуу эместигин, ал эми мамлекеттик жарандык кызмат аларга суралган кызмат ордун берүүгө милдеттүү эместигин билдирерин, кеп ар бир жаран үчүн бош орундар жана кесиптик шайкештик болгон учурда мамлекеттик кызматка кирүү үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөр жөнүндө экендигин белгилейт. Мындай укуктук көз караштар Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 30-апрелиндеги, 2015-жылдын 18-февралындагы, 2019-жылдын 1-февралындагы чечимдеринде каралган.

Жогоруда баяндалган жагдайда судьялар коллегиясы талашылып жаткан ченемдердин Конституциянын аталган жоболоруна ылайык келүүсү жөнүндө маселеде аныксыздыктын жок экендигин белгилейт. Бул өз

кезегинде конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында ишти кароодон баш тартуу үчүн негиз болуп саналат.

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктунун талабына ылайык, эгерде кайрылуу формасы жана мазмуну боюнча аталган конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келбесе, судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Жогоруда аталган тыянактардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1-пунктун, 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Жамбылбек Камчиевдин өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Өтүнүч жана ага тиркелген материалдар арызданууучуга кайтарылып берилсин.

3. Аныктама тараптар жагынан үч айдын ичинде Конституциялык сотко даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: М.Р. Бобукеева

Л.П. Жумабаев

Ж.А. Шаршеналиев

№_____